# Эгерде азанчы: "Аллаху акбар, Аллаху акбар" - десе, силер да: "Аллаху акбар, Аллаху акбар" - деп айтсаңар, андан кийин азанчы: "Ашхаду ал-лаа илааха иллаллах" - десе, силер да: "Ашхаду ал-лаа илааха иллаллах" - деп айтсаңар, андан кийин азанчы: "Ашхаду анна Мухаммадар-расуулуллах" - десе, силер да: "Ашхаду анна Мухаммадар-расуулуллах" - деп айтсаңар, андан кийин азанчы: "Хаййя алас-солаах" - десе, силер: "Лаа хаула уа лаа куввата илла бил-лаах" - деп айтсаңар, андан кийин азанчы: "Хаййя алаль-фалаах, хаййя алаль-фалаах" - десе, силер: "Лаа хаула уа лаа куввата илла бил-лаах" - деп айтсаңар, андан кийин азанчы: "Аллаху акбар, Аллаху акбар" - десе, силер да: "Аллаху акбар, Аллаху акбар" - деп айтсаңар, андан кийин азанчы: "Лаа иляха иллааллах" - десе, силер да: "Лаа иляха иллааллах" - деп чын жүрөктөн айтсаңар, анда Аллах силерди бейишке киргизет”. (7)

Умар Ибн аль-Хаттаб, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: «Эгерде азанчы: "Аллаху акбар, Аллаху акбар" - десе, силер да: "Аллаху акбар, Аллаху акбар" - деп айтсаңар, андан кийин азанчы: "Ашхаду ал-лаа илааха иллаллах" - десе, силер да: "Ашхаду ал-лаа илааха иллаллах" - деп айтсаңар, андан кийин азанчы: "Ашхаду анна Мухаммадар-расуулуллах" - десе, силер да: "Ашхаду анна Мухаммадар-расуулуллах" - деп айтсаңар, андан кийин азанчы: "Хаййя алас-солаах" - десе, силер: "Лаа хаула уа

лаа кувната илла бил-лаах" - деп айтсаңар, андан кийин азанчы: "Хаййя алаль-фалаах, хаййя алаль-фалаах" - десе, силер: "Лаа хаула уа лаа куввата илла бил-лаах" - деп айтсаңар, андан кийин азанчы: "Аллаху акбар, Аллаху акбар" - десе, силер да: "Аллаху акбар, Аллаху акбар" - деп айтсаңар, андан кийин азанчы: "Лаа иляха иллааллах" - десе, силер да: "Лаа иляха иллааллах" - деп чын жүрөктөн айтсаңар, анда Аллах силерди бейишке киргизет”. (7)

[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Азан – намаз убагы киргенин элге кабарлоо. Азандын сөздөрү ыйман акыйдасын толук камтып алган сөздөр. Бул хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, азанды укканда эмнелер айтылаарын баяндады. Бул азан угуучу азанчынын айтканын айткандай айтуу. Эгер азанчы "Аллаху акбар" десе, угуучу: "Аллаху акбар" - дейт ж.б.у.с. Бирок азанчы: "Хаййя алас-солах" жана "Хаййя алал фалах" - десе, угуучу: "Лаа хаула уа лаа куввата илли биллах" - деп айтат. Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, ким азанчы айтканын чын жүрөктөн кайталаса, анда ал бейишке кирээрин баяндады. Азандын сөздөрүнүн маанилери: "Аллаху акбар": Ал бардык кемчиликтен аруу Аллах - эң улуу, эң урматтуу жана баарынан бийик. "Ашхаду ал лаа илааха иллаллах": Аллахтан башка сыйынууга татыктуу кудай жок экендигине күбөлүк берем. "Ашхаду анна Мухамман расуулуллах": Мухаммад Аллах Тааланын элчиси экенине, Аллах Таала аны жибергенине жана ага моюн сунуу важиб экендигине тилим жана жүрөгүм менен ынанып күбөлүк берем. "Хаййя алас-солаах": Намазга келгиле. Азан угуучунун сөзү: "Лаа хаула уа лаа куввата илли биллах": Аллах Таала ийгилик бербесе ибадат кылуудагы тоскоолдуктардан кутулууга эч кандай жол жок, ибадат кылууда эч кандай күч-кубат да жок, ал нерселерге эч кимдин кудурети да жетпейт. Бардык нерсе Аллах Тааланын колдоосу менен гана болот. "Хаййя алал фалаах": Кутулуунун себептерин аткарууга келгиле. Ал кутулуу бул - бейишке кирүү жана тозоктон кутулуу.

https://sunnah.global/hadeeth/ky/show/65086